*Күнмаек*

Кусеин ИСАЕВ, социология илимдеринин профессору, философия илимдеринин доктору, Кыргыз-түрк Манас университетинин социология бөлүмүнүн башчысы, Кыргыз эл мугалими:

# «Биздеги социалисттик деген партиялар либералдык багытка ооп баратат»

ПК **Маектешкен Айгүл БАКЕЕВА**

**—Кусеин агай, бир топ жылдардан бери саясий партиялар тууралуу иликтеп, социологиялык сурамжылоо жүргүзүп келатасыздар, «Партияң кайсы экенин айтсаң, сенин ким экениңди айтам» дегендей, азыр саясий партиялардын абалы кандай болууда?**

—Азаттыктагы Кыргыз мамлекетинде саясий партиялар көбөйүп, жабырап чыкпадыбы, алардын саны болжол менен 88ге жеткени менен, көзгө басаар 3-4 эле партия бар экени баарыбызга эле маалым. Мына ушул негизги делген партиялардын айрымдарынын да социалдык көз караштагы аты гана калып, затын жоготуп, либералдык багытка ыктап баратканы мени өкүндүрөт.

**—Либералдык багыт дегенди чечмелей кетсеңиз?**

—Дүйнөдө акыркы убактарда саясий партиялардын негизги эки багыты басымдуулук кылат: социалдык жана либералдык. Кыргыздар эзелтен социалдык багытты

ги болуп эсептелет, бирдиктүү экологиялык системаны сактоо максатында Кыргызстан элинин жашоосу менен иш-аракетинин негизи катары пайдаланылат жана мамлекеттин өзгөчө коргоосунда турат» деп жазылган. Ушул Конституциялык жобого карабастан Кыргызстан жер сатуу боюнча эң алдыңкы орунга чыгып, жердин чатагы бүгүнкү күндө сот курамында жер сатууга байланышкан чатак иштердин негизин түзүүдө.

Кыргыз эли байыртадан салттуулуктун жана табияттын мыйзамдары менен жашап келген эмеспи. Демек Жогорку Кеңеш кабыл алып аткан жашоо-тиричиликке байланышкан мыйзамдардын негизин салттуулук, үрп-адат, каада-салт түзүшү толук мыйзамдуу болмок.

Жогорку Кеңештеги башкаруучу партиялар кыргыздын салт-санаасына, менталитетине туура келбеген баалуулуктарга ыктап, ар кайсы тармактагы кадр жетек-



туу тутуп келаткан калк. Тээ уруучулук коом учурунда да уруу лидерин шайлап, бай-кедей деген айырмачылыгы болбосо, жетим-жесирлерге да көңүл бурулган. Кийин коммунисттик партия социалдык багытты улантып келди. Учурдагы абал башкача болуп баратат. «Ата Мекен» партиясынын социалисттик деген баалуулуктары унутта калып, либералдык багытка ооп бараткани байкалууда. Депутат Жылдыз Жолдошева Конституциялык кеңешмедеги кабыл алынган Конституция жоболору толук кабыл алынбай, айрым жоболор өзгөртүлүп калды деп айтып чыкпадыбы.

Либералдык дегенде биринчи кезекте материалдык байлыкка басым жасалып, демократия чексиз деп кабыл алынып атат. Кыргыздар эзелтеден материалдык байлыкка эч убакта негизги басым жасаган эмес. «Байлык- колдун кири» катары саналып келген. Демократия да эч убакта чексиз болушу мүмкүн эмес. Демократия чексиз болгон мамлекеттерде адам баалуулуктары арткы планда калып калышы мүмкүн. Мисалы, айрым мамлекеттерде эркек менен эркектин, аял менен аялдын баш кошуусуна уруксат берилиши үй-бүлө, адамзат тукумун улоо сыяктуу адам баалуулуктарынын жоголуп кетишин шарттайт. Бизге, кыргыздын кыртышына либералдык, европалык баалуулуктар жарабайт. Бүгүн саясий турмушубузда либералдык демократияга ооп бараткандык үстөмдүк кылууда.

Чыныгы саясий-экономикалык турмушта компрадорлук (сатып алуучулук) улуттук буржуазия өкүм сүрүүдө. 1993-жылы кабыл алынган Конституциянын 4- беренесинде «Жерди сатууга жана сатып алууга жол берилбейт» деп жазылган. Ал эми 2010-жылдын 27-июнунда кабыл алынган Конституциянын 11-беренесинин 5-пунктунда «Жер, анын кен байлыктары, аба мейкиндиги, суулары, токойлору, өсүмдүктөрү жана жаныбарлар дүйнөсү, жаратылыш ресурстары Кыргыз Республикасынын гана менчилерин тандоону өөлүп алышып, бычакка сап болууга такыр жарабагандар акчанын күчү менен депутат болуп жана кызматка койгондо бай, бирок дипломдуу сабатсыздарды сунуштап атышат. Ал эми партиялардын жетекчилери депутаттык орундарды сатып, нагыз олигархка айланууда. Чынчынында, биз канчалык өзүбүздүн оюбуздагыны жасайлы дебейлик, салт менен турмуштук эрежелер бизди өзүнүн артынан жетелеп келүүдө. Каада-салт деген жазылбаган мыйзам муундан-муунга элдин кан-жанына сиңгендигинен улам ээрчитүүдө. Буларды кантип танууга болот?

**—Азыркы башкаруучу саясий партиялардын баары эле сиз айткан либералдык баалуулуктарга ыктап кетип атышабы?**

—Жок, баары эмес. «Ата Мекен» социалисттик партиясы либералдуулукка ыктап баратат деп айттым, мындай либералдык көз караш көпчүлүк партияларда жок. Мисалы «Замандаш» саясий партиясынын программасы социалдык маанайдагы, улуттук саясий көз карашка туура келет. Жаңы, жаш партиялардан «Эмгек» партиясы социалдык багытты карманууда, көптөгөн спорттук мекеме куруп, спортту өнүктүрүүгө жардам берип, жаштардын элита мектебин түзүүдө. Азыркы убакта биздин коомдо элита начар ахыбалда. «Бир бол» партиясы да социалдык багытты карманууда. Буга «Улуттар биримдигин» да кошууга болот. Айрыкча «Замандаш» улуттук кайра жаралуу партиясынан Кыргыз мамлекетинин улуттук дөөлөттөрүн, нарк-насилин туу туткан программасын көрүп турам. Калыс, таза, эрки бекем, акылы жетик адамдардын убактысы келди деп жазып атышат. Кыргызстандын шартында кыргыздар, Кытайда кытайлар, Японияда япондор улуттук баалуулуктарын жайылтышы шарт.



**—Кыргыздын улуттук баалуулуктарын туу туткан багытты карманып, саясий партиялардын программасына жазып коюу бир башка, бийликке келүү жана жазылгандарды ишке ашыруу бир башка эмеспи. Жаңы, жаш партиялар коомдо бараандуу орду бар партиялар менен теңтайлашып, мандат алып, бийликке келе алышабы?**

—Ооба, ал үчүн ар бир партия көпчүлүк добуш алып, шайлоодо жеңип чыгуу үчүн күрөшүүсү шарт. Шайлоо да калыс, ачык, чынчыл өткөрүлүшү керек. Рухий маданиятты, улуттук тилди, тарыхты, улуттук философияны кайра баштоого мезгил бышып жетилди. Саясий талаш-тартыштар, бийлик талашуулар акыры жүрүп олтуруп, жамандыр– жакшыдыр, тарыхый нукка бурулууда.

**—Атаандаштык дагы күч алышы үчүн дагы көптөгөн партиялар бийликке келиши керекпи?**

—Көп эле мамлекеттерде, ашып кетсе, негизги 3-4 эле партия бар, бизде деле ошондой эле болушу керек. Кыргыздар- чыгыш эли катары Евразия мейкиндигинде өз тарыхы, орду бар улуу калк. Тилекке каршы, Теңирлик жана «Манас» баш болгон улуу рухий дөөлөттөрүбүз жукарып, кийинки 200 жылдын ичинде колониялык жана батышчыл, европалык, элибиздин менталитетине жат идеологияга жетеленип баратабыз. Көчмөндөрдүн эл аралык спорттук оюндары алдында президентибиз Алмазбек Атамбаев улуттук баалуулуктар тууралуу жакшы сөз сүйлөгөн, бирок иш жүзүндө ал ишке ашпай атпайбы. Улуттук социалдык баалуулуктар тууралуу мен 2002- жылы Пекин шаарында доклад жасап, кыргыздын ишенимин, табият менен камыр-жумур мамилесин, улуттук баалуулуктар, «Манас» эпосубуз тууралуу айткам. Элибиздин залкар акыны Байдылда Сарногоевдин ырындагыдай:

*«Түндүкмүн деп элирбей,*
*Түштүкмүн деп көбүрбөй,*
*Улутум кыргыз, уругум кыргыз,*
*Мекеним Кыргызстан,»* -депжашасак кантет.

Биздин стратегиялык максатыбыз—социалдык коомду, социалдык мамлекетти куруу болушу керек. Мамлекетибиз гүлдөп-өнүгөөр жолду Батыштан издебей, өзүбүздүн гумандуу, адамдык баалуулуктарга артыкчылык берген акыйкат саясатты жүргүзүшүбүз керек. Ошондо гана биз дүйнөнүн башка мамлекеттери менен теңтайлашып жашай алабыз.